# Нариcте

6+

машайакчылардын балдарга арналган журналы


3
2020



**Биз жолду билебиз. Биз бирдейбиз. Бирдей ой жүгүртөбүз.**

# ОКУ!

Сөздөр жазылган жебелерди туура ирееттүүлүктө коюп чык, ошондо XV–XVI кылымдарда жашап өткөн италиялык тарыхчы жана жазуучу Никколо Макиавелли айткан кызыктуу сөздөрдү табасың.




*Сүрөтүн тарткан – ШАКИРТ*





# ДОС

Менин кымбат Досум бар,
Түшүнгөн жан дүйнөмдү.
Күнү-түнү жардам берип,
Коргоп жүрөт Ал мени.

Жакшы көрөт Ал дайыма,
Сактайт түркүн кырсыктан.
Үмүт кылам бир гана Ага,
Аска-зоом Ал таянган.

Ооруп калсам, алсыз болсом,
Сыйынамын мен Ага.
Айыктырат, ишенемин,
Куткаруучум Ал Ыйса.

Аны менен кайда жүрсөм
Дайым жакшы, көңүлдүү.
Ансыз жашоо коркунучтуу,
Ага арнайм ар бир күнүмдү!

# Ыйса менин жан досум

Тынчтангыла, эй досторум,
Суранамын силерден.
Мен силерге Куткаруучу
Ким экенин айтып берем.

Ал асмандан бул дүйнөгө
Келген түшүп биз үчүн.
Андан таптым кубанычын,
Түбөлүктүү өмүрдүн.

Ыйса – менин Куткаруучум.
Кожоюнум Ал менин.
Куткарылган адамдар көп,
Демек, жалгыз эмесмин.

Жандай көргөн Досум – Ыйса.
Бакыт таптым мен Андан!
Эч ким бизди тартып албайт,
Кудайымдын колунан.

Ким каалаша, кабыл алсын
Ырайымын Ыйсанын!
Кудай менен жашоо жеңил,
Алып Анын батасын!

*Сүрөтүн тарткан – ШАКИРТ*

# Кеттик!

Элмира МУКУЛОВА



**3-бөлүм**

Азамат апасына айтып түгөтө албай жатты:

– Алардыкында сонун экен! Кадимкидей меш, бакча, кудук, балаты... Үйдүн чатырында болсо толтура кызыктуу нерселер бар экен! Ал тургай, телескоп да бар экен! Биз жылдыздарды карадык. Мен Сатурндун шакектерин, Топ жылдыздарды көрдүм!

– Топ жылдыздар? – деп кайра сурады апасы.

– Ооба, ал деген жылдыздардын топтому. Караңызчы, ал менин картамда да бар. Буларды «Жети эже-сиңди» деп да атап коюшат экен. Мына, – деп Азамат сөөмөйү менен көрсөттү.

– Интернеттен карап көрбөйлүбү, – деди апасы.

Азамат секирип тура калып, компьютерди иштетти. Компьютерди иштеткенге ага көп уруксат беришчү эмес, ошондуктан ал мындай мүмкүнчүлүк берилип жатканына сүйүнүп кетти. «Топ жылдыздар» деп жазды апасы издөө сабына.

– Аябай кооз турбайбы! – деп жиберди сүйүнгөн Азамат. – Эми Бетельгейзени тапсаңыз? Мээримдин атасы аны эң жаңы жылдыздардын катарына кирүүгө талапкер жылдыз деп айткан.

Бетельгейзе укмуштуудай кооз көрүндү. Мээрим менен апасы галактикаларды, жылдыздарды, тумандуулуктарды жана планеталарды карап, компьютердин жанында бир сааттай отурушту окшойт.

– Экөөбүз кенч толтурулган сандык таап алып, көзүбүз тойбой карап отургандай сезилип жатат, – деди апасы.

– Чын эле! – деди Азамат.

– Ийи! Азыр атаң келет, менин болсо тамагым даяр боло элек!

Апасы ушинтти да, ашкананы көздөй жүгүрдү. Азамат апасынын “компьютерди өчүр” дегенинен пайдаланып, космостук телескоптор менен тартылган таң каларлык сүрөттөрдү карап отурду. Албетте, булар Мээримдин үйүнүн чатырындагы телескоптой эмес эле. Мисалы 1990-жылы коё берилген Хаббл телескобу. Ал космостон Жерге миллиондой сүрөт жиберген телескоп!

– Космоско барып, баарын өз көзүм менен көрсөм ээ! – деди Азамат отургучунун жөлөнгүчүнө чалкалай.

Ал хоккей ойногондо кийген шлемин текчеден алып, башына кийди. Колуна «штурвал» – бузулган машинанын рулун алды. Клавиатураны шыкылдатып басып, наушнигинин микрофонуна: «Кеттик!» – деди.

Азамат жакында 1961-жылдын 12-апрелинде «Восток» корабли менен космоско учкан эң биринчи космонавт Юрий Гагарин жөнүндө китеп окуган. Ал космосто 108 мүнөт болуптур. Стартта турганда Юрий Гагарин: «Кеттик!» – деп айткан дешет.

Эми Азамат да космоско бет алды. Албетте, чындап эмес, кыялында. Штурвалды буруп, минтип кыйкырды:

– Көңүл бургула, учууларды башкаруу борбору! Жылдыздарга учуучу «Кыял» кемесинин командири Азамат: учуу нормалдуу өтүп жатат, борттогу системалар эң мыкты иштеп жатат. Оң жакта – Марс, сол жакта – Венера. Биз Центавр А планетасына жакындап калдык.

Азамат аябай берилип кеткендиктен, эшиктин коңгуроосун бирөө басканын, апасы эшикти ачып, Мээримди үйгө киргизгенин уккан да жок.

– Азамат, Жерге түш! – деди Мээрим. Азамат отургучтан кулап түшө жаздады.





– Салам, Мээрим! – деди Азамат башындагы тулганы чечип, уялыңкы.

– Анан дагы, Центавр А – планета эмес, ал галактика.

– А сен галактикалар жөнүндө эмнелерди билесиң? – деп сурады Азамат.

– Галактика – бул жылдыздардын жана космостук чаңдардын топтолгон жери. Ар бир галактикада миллиарддаган жылдыздар бар. Алардын кээ бирлерин асмандан телескопсуз эле көрсөк болот. Мисалы, Андромеда туманддуулугун, Магеллан булуттарын (Чоң жана Кичине).

– А биз кайсы галактикада жашайбыз? – деп кызыга сурады Азамат.

– Саманчынын жолу галактикасында.

– Ой-ийий! Анда, менин так дарегим мындай тура ээ: Саманчынын жолу галактикасы, Жер планетасы, дүйнөнүн Азия бөлүгү, Кыргызстан өлкөсү, Бишкек шаары, көчө болсо...

– Эч бир конверттин бетине мындай дарек батпайт, – деп күлдү Мээрим.

– Биз жашаган галактика чоңбу?

– Эбегейсиз чоң! Бирок көптөгөн башка галактикалардан кичинекей. Анын көлөмү жүз миң жарык жылдарына тете. Ал эми Андромеда Тумандуулугу эки жүз миң жарык жылдарын камтыйт. Эң чоң галактиканын көлөмү – бир миллиард жарык жылдары. Ал IC 1101 галактикасы, анда жүз триллион жылдыз бар!

– Ой укму-уш! Деги, мунун баарын сен кайдан билесиң, Мээрим? – деп таң кала сурады Азамат.

– Атамдын астрономия боюнча көп китеп, журналдары бар. Аларды мен да окуйм. Кичинекей кезимде сүрөттөрүн көргөндү жакшы көрчүмүн. Мага айрыкча галактикалар жакчу. Алар ар түрдүү да – тегереги да бар, эллипс түрүндөгүсү да бар, спираль түрүндөгүсү да бар. Мен сага көрсөтөйүн деп, журнал алып келдим. Карасаң, бул Андромеда тумандуулугу. Бул болсо спираль түрүндөгү, мен жакшы көргөн Вертушка галактикасы. А бул – Чоң Магеллан булуту.

Азамат сүрөттөрдү көңүл коё карап, тунжурап отурду. Анан бир маалда акырын гана мындай деди:

– Мээрим, карасаң, галактикалар жылдыздардан турат. Бул сүрөттөгү жылтыраган кичинекей чекиттер – жылдыздар. Бирок анда миллиондогон, миллиарддаган, триллиондогон жылдыздар бар… Ошонун баары эбегейсиз чоң жылдыздар…

– Ооба, бул жылдыздардын көбү биз жашап турган Жер планетасынан, ал тургай, Күндөн да миңдеген эсе чоң, – деп кошумчалады Мээрим. – Булардын баарын Кудай жараткан. Бул жылдыздардын баарына ат койгонго адамдардын фантазиясы жетмек эмес. Ал тургай, эң акылдуу окумуштуу-астрономдор да жылдыздардын, планеталардын көлөмүн, алардын ортосундагы аралыкты так билишпейт.

– Аны чөнегенге деле мүмкүн эмес да? – деп үшкүрдү Азамат.

Мээрим жылмайып:

– Мүмкүн эмес. Алар изилденгис. Библияда, Аюб китебинин 9-бөлүмүндө эмне деп жазылганын билесиңби? «Жалгыз Өзү асманды жайып, деңиз толкундарынын үстүндө жүрөт. Аш, Кесил, Ким топ жылдыздарын жана түштүктөгү жылдыздарды Ал жараткан. Ал укмуштуу, улуу, изилдегис, сансыз кереметтерди жаратат!» – деп окуп: – Аш, Кесил жана Ким – булар Чоң Жетиген, Орион жана Плеяда топ жылдыздары болуп саналат, – деди.

– Ооба, Теңирибиз түбөлүктүү, чексиз, эң сонун! – деди Азамат. – Бул топ жылдыздар, тумандуулуктар жана галактикалар ушунун далили.

– Так ошондой, жылдыздарга учуучу «Кыял» кемесинин капитаны Азамат!

– Эй Мээрим, андан көрө ашканага барбайлыбы? Апам бизге торт менен чай берет. Торттун аты да «Космостук» деп аталат. Баралыбы?

– Барбагандачы! – деп жылмайды Мээрим.

*Сүрөтүн тарткан – Виктория ДУНАЕВА жана ШАКИРТ*



## Конкурс уланууда!


*«Жылдыздуу асманга саякат» – алты бөлүмдөн турган повесть. Ар бир бөлүмдүн соңунда тапшырма берилген.* **3-ТАПШЫРМАНЫ** *аткар. Акыркы тапшырманын да жоопторун жазганыңдан кийин, БАРДЫК жоопторду мага почта аркылуу жөнөт. БАРДЫК суроолорго туура жооп жазып жөнөткөн биринчи 20 окурманга белек берилет.*



**3-ТАПШЫРМА**

***1. Биз кайсы галактикада жашайбыз?***

***2. Библиядан алынган аятты чечмелеп, жазып, жатта.***



*Библияны ачалы!*


# БАРНАБА МЕНЕН ПАБЫЛ

*Султан КАДЫРБЕКОВ*

Машайактын Жыйыны жашоосунун алгачкы жылдарында «Жол», же «Теңирдин жолу» деп аталчу, ал эми Ыйса Машайакка ишенгендер өздөрүн ошол «жолдо» бара жаткандар деп эсептешчү. Антийохеяда (чоң шаар) Иерусалимден тараган Теңирдин шакирттери Жакшы Кабарды жар салып, көптөгөн эврейлер, ошондой эле бутпарастар Ыйса Машайакка ишенип калышкан. Ыйсанын жолун жолдоочулар көбөйүп, Машайактын ысымы кеңири белгилүү болуп калгандыктан, Иерусалимдеги элчилер бул ойгонуу тууралуу угуп, Барнабаны Антийохеяга жиберишкен.

Шакирттер минтип көбөйгөндө жакшы устаттар, мугалимдер зарыл экенин көргөн Барнаба мурда Ыйса Машайактын шакирттерин куугунтуктап жүрүп, кийин Ага ишенип калган Шабылды тапкысы келди. Шабыл туулуп-өскөн Тарс шаарына барып, аны таап Антийохеяга чакырды. Шабылдан башка дагы кээ бир кызматчылар жыйын үчүн чоң бата болушту. Алар бир жыл бою окутуп, насаат айтышты, бул арада шакирттердин саны күн санап өстү. Ушул шаарда алар биринчилерден болуп машайакчылар деп аталышты.

Шакирттер орозо кармап, сыйынып жүрүшкөн күндөрдүн биринде Ыйык Рух аларга Барнаба менен Шабылды өзгөчө кызматка бөлүп коюуну буйруду. Жыйын аларга батасын берип, тарыхтагы эң биринчи миссионердик саякатка жөнөттү. Элчилер Барнабанын жээни Жаканды жардамчы кылып алышты. (Бул Жаканды биз Марк деген ысым менен тааныйбыз, ал келечекте Жакшы Кабарлардын бирин жазган.) Шабыл менен Барнаба кемеге түшүп, Барнабанын мекени Кипр аралына бет алышкан, ал жактан Жакшы Кабарды аралдын чыгыш жээгинен батыш жээгине чейин отурукташкан жашоочуларына айтышкан. Ар бир шаардан Кудай Сөзүн уккусу келген адамдарды жолуктурушкан. Ал тургай, Рим бийлигинин өкүлү, проконсул да Шабылдын насаатын уккандан кийин, Ыйсага ишенип калган.





Ал мындайча болгон эле. Шабыл менен Барнаба аралды баштан-аяк аралап, борбор шаарына чейин барып, ал шаардан Элима деген бир сыйкырчыны (андайларды азыр бүбү-бакшылар же экстрасенстер деп аташат) жолуктурушат. Ал арал башчысы Сергий Пабыл деген адам менен жүргөн. Арал башчысы Шабыл менен Барнабаны конокко чакырып, өздөрүнүн жаңы окутуусу жөнүндө айтып беришин суранат. Алар насаат айтып отурушканда сыйкырчы Элима каршы болуп, арал башчысын элчилерге ишенбе деп, каршылык көрсөтө баштайт. Пабыл (Шабылдын экинчи, римдиктерче ысымы) ачууланып, ага мындай дейт: «Ар кандай арам ойлорго толгон алдамчы, шайтандын уулу, адилеттиктин душманы! Теңирдин түз жолдорун бурмалаганды качан коёсуң? Азыр Теңир сени Өз колу менен жазалайт: белгилүү бир убакытка чейин сокур болуп, күндү көрбөйсүң». Ошол замат сыйкырчы Элима сокур болуп калат! Болуп өткөн окуяны көргөн арал башчысы элчилердин окутуусу менен өзүнүн сыйкырчысынын окутуусунун айырмасын түшүнүп, Теңирге ишенип калат. Ал элчилерди жан дилинен берилип угуп, Теңирдин окутуусуна суктанып, кубанып жатты.

Бирок элчилер андан ары жол тартышы керек эле. Ошондуктан Барнаба менен Пабыл кемеге түшүп, аралдан жөнөп кетишти. Пергеден түшкөн алар татаал, опурталдуу жолдорду басып, тоо-таш, дайралардан өтүп, бир шаардан экинчисине барып, жүрүп отурушкан. Марк деген да ысым коюлган Жакан алар менен чогуу кетпей, Иерусалимге кайтып кеткени Пабыл менен Барнабаны абдан капа кылган.

Бул саякатта алардын башынан эмнелер гана өтпөдү экен! Жакшы Кабарды эврейлер менен бутпарастарга жар салышып, натыйжада көптөр ишенип калышкан. Көп шаарларда Ыйса Машайакка ишенгендердин жыйындары түзүлгөн. Асия провинциясын түгөл кыдырган элчилер кайра артка жол тартып, мурда барган шаарларына кайра барып, ишенгендерге насаат айтып, андагы жыйындарга жетекчилерди кол коюп сыйынуу аркылуу дайындашкан.

Антийохеяга кайтып келгенден кийин Пабыл менен Барнаба ишенгендердин баарын чогултуп, саякаты учурунда баштарынан өткөргөн улуу кереметтер жөнүндө, Теңирге ишенип калган бутпарастар менен эврейлер жөнүндө, саякатынын башынан аягына чейин коштоп жүргөн Кудайдын улуу ырайымы жөнүндө айтып беришкен. Басып өткөн бардык кыйынчылыктарына (ал тургай, Пабылды бир жолу таш бараңга алып, өлдү деп ойлоп, шаар сыртына сүйрөп чыгып салышкан) карабай, алар саякатына Теңир батасын бергенине кубанышкан.

**Кандай деп ойлойсуң?**

1. **Шабылды Антийохеяга чакырууга Барнабага эмне түрткү берген?**
2. **Ыйсанын жолун жолдоочуларын биринчи жолу кайсы шаарда машайакчылар деп атай башташкан?**
3. **Саякаты учурунда Пабыл менен Барнабанын жалпы максаты эмне эле?**

***Мына ушул биринчи миссионердик саякат жөнүндө аңгемени Элчилердин иштери китебинин 13-14-бөлүмдөрүнөн окусаң болот. Библиянын аягында ушул саякаттын картасы бар, ошол картаны окуп-үйрөнүүнү сага сунуш кылам.***

*Сүрөтүн тарткан – Лариса ГОРОШКО*



# Дос тандоо жөнүндө

«Мен силерди досторум деп атайм…» Ыйса Машайактын бул сөздөрү эки миң жылдан ашуун убакыттан бери ишенгендерди кубандырып келет. Орустардын: «Мага досуңдун ким экенин айт, ошондо мен сенин ким экениңди айтам» деген байыртан келе жаткан макалы бар. Бул эмнени билдирет? Бул досторубуз бизге күчтүү таасир этишерин билдирет. Досторубуз жакшы көргөн музыканы биз жакшы көрөбүз, алар окуган китептерди биз да окуйбуз, аларга окшоп ойлонобуз, ал тургай, кээде басыгыбыз да досубуздукуна окшоп калат. Ойлонбой туруп эле алардын адаттарын өзүбүзгө сиңирип алабыз.

Көптөгөн улуу адамдар – композиторлор, жазуучулар, акындар жана насаатчылар – ошондой болушканынын себеби алар кичинесинде өздөрүнө ушундай болууга түрткү берген адамдар менен достошушкан. Бирок оор кылмышкерлер да – киши өлтүргөндөр, зордук-зомбулукчулар, уурулар, каракчылар – кылмышкер болоюн деп чечим чыгаргандыгы үчүн антип калышкан эмес. Болгону, алар ошондой адамдарды дос кылып алышкан. Досторуң болгону абдан жакшы, эгер алар жакшы, Теңирге ишенген адамдар болсо, а эгер алар кылык-жоругу жаман, жакшы тарбия көрбөгөн немелер болсо, бул абдан жаман.

Библияда, Байыркы Келишимде Шабул падышанын уулу Жонатан менен болочок падыша Дөөттүн достугу бекем достуктун үлгүсү болуп саналат. Алардын достугу бекем болгонунун себеби экөө тең Кудайга ишенген, бири-бирине ишенчиликтүү жигиттер эле.

Жаңы Келишимде жакшы дос тандоого Барнаба үлгү боло алат, аны элчилер Антиохеяга кызматка жиберишкен. Жардамчыга муктаж болгон ал Пабылды Тарстан тапкан. Ал Пабылдын билимдүү, Теңирге ишенген, Теңир Өзү чакырып алган адам экенин билип, аны Антийохеяга чакырган. Пабыл макул болгон. Ошондон тарта экөө жакын достордон болуп калышкан. Кудай аларды миссионердик саякатка жөнөткөн. Алардын достугу көп сыноолордогу ишенимдүүлүгү аркылуу чыңдалган.

Ыйса шакирттерин Өзүнүн достору экенин айткан. Теңирдин Өзү сенин Досуң болушу зор сыймык жана улуу кубаныч. Теңир менен, Аны сүйгөндөр менен, Ага кызмат кылгандар менен мамилелешүү аркылуу биз Устатыбыз Ыйсага уламдан-улам окшошо беребиз. Ошондой болушун каалайсыңбы? Каалайсың деп ойлойм. Анда Ыйса Машайакка өзүңдүн ушул каалооңду айт. Анын досу болгуң келгенин айт, Ыйсадан өзүңө досторду беришин, Теңирге ишенимдүү болууга сага жардам бере турган досторду беришин суран.

*Султан КАДЫРБЕКОВ*






# Жонатан менен Дөөт

Өзүң боё!



Шабулдун уулу Жонатан атасы Шабулдан кийин өзү эмес, Дөөттү Кудай падыша болот деп тандаганын билсе да, ал Дөөт менен дос болчу. Атасы Дөөткө чындап эле жамандык ойлоп жатканын түшүнгөндө, Жонатан Дөөттү жашын деп эскерткен. Бул окуя 1-Шемуел китебинин жыйырманчы бөлүмүндө жазылган.

*Сүрөтүн тарткан – Иван СУЛИМА*



«Гиппопотам Бухунун жоруктары» сериясынан

# ТЕҢ ЭМЕС ЖУПТАР

*Пауль УАЙТ*

*(Уландысы. Башталышы 2/20 санында)*

Күн батып, айлана бир топ эле караңгы болуп калды. Чегирткелер чыртылдап, ооруканадан алыс жерден чөөнүн улуганы угулат.

– Бул окуя менен Дауди эмнени айткысы келди болду экен? – деп кызыга сурады Юдит.

– Бул аңгеме үйлөнгөнү жаткандар жубай тандоодо өтө кылдат, кыраакы болушу керектиги жөнүндө го, – деп болжоду Мгого.

Дэн башын ийкеп:

– Анын бүгүнкү үйлөнүү тойго сүйүнүп жатам дегени эсиңердеби, себеби Кефа менен Марита – экөө тең машайакчылар! – деди.

– Ооба, – деп жооп берди Элизабет. – Күйөө менен колуктунун «биз Кудайга ишенебиз, жашообузду Кудай жетектешин каалайбыз» дегенин биз да укпадыкпы.


Лисо ойго батып:

– Анда эмне, Дауди муну менен машайакчылар Теңирге ишенбегендерге үйлөнбөшү, турмушка чыкпашы керек дегенди айткысы келдиби? – деп сурады.

Балдар акырын гана кобурашып сүйлөшүп жатышкан. Чөөнүн улуганы улам жакындан угула баштады.

– Дауди батыраак келсе экен... – деп шыбырады Элизабет.

– Коркпогула, – деди аларга Тембо, – Кали экөөбүздүн бышык таяктарыбыз бар. Аа, тигине, Дауди келе жатат!



*Сүрөтүн тарткан – Екатерина ПРАВДОХИНА*

Алар өздөрүн көздөй келе жаткан дарыгердин жардамчысын көрүштү. Анын колунда чырак бар эле. Даудинин баобабды көздөй шашып келе жатканы көрүнүп турат. Колунда чырагы болгондуктан, бир аз коркуп, бири-бирине ыктай, топтошуп турган балдарды ал алыстан эле көргөн.

– Кай жерден токтодук эле? – деп сурады ал балдардын жанына келип отурганда.

– Керик Фару менен гиппопотам Бухунун жеңилип калган жерине, – деп жооп берди Мгого.

– Кандай деп ойлойсуңар, маймыл Тото менен антилопа Дик-Дик эмне болушту экен?

– Айтып берчи бизге! – деп жиберишти кыздар.

Дауди башын ийкеди.



Тото Дик-Дикке: «Жүрү! Фару менен Бухуну оңой эле жеңебиз!» – деди. Антилопа башын ийкеп: «Экөө кандай басыш керек экенин билишкен эмес тура.

Мен жакшылап ук, Тото. Биз бири-бирибизди түшүнөбүз.



Экөөбүз тең төрт буттап басабыз». Илмек жипти моюнуна илип жатып, Тото чоң маймылдар Гун менен Лундун чөөлөр Мбизи жана Слинки менен шыбырашып жатканын байкап калды. «Карагыла! Карагыла!» – деп кыйкырды



Тото муштумдарын түйүп, алдыга жүткүнө. Дик-Дик аны мурду менен капталга акырын сүзүп: «Алаксыбайлы. Дарбыз уткубуз келсе, экөөбүз ташты түз сүйрөп келгенди ойлонушубуз керек», – деди.



«Баса, чын эле, дарбыз!» – деп башын ийкегилеген Тото дарбыздын көрүнүшү жакшы эле болду бекен деген ойго кетти. «Эгер экөөбүз теп-тең басып, ташты бирдей күч жумшап сүйрөсөк эле, жеңебиз», – деп шыбырады Дик-Дик.



Үнү ишенимдүү угулсун үчүн: «Мен ишенем, жеңебиз. Чын айтам!» – деп катуураак сүйлөп койду. «Стартка! Көңүл бургула! Кеттик!» – деп кыйкырды зебра Покки.



Тото төрт буттап баратты. Баобабда отурган көптөгөн кичинекей маймылдар: «Азаматсың, Тото!» деп кыйкырып жатышты. Антилопа менен маймыл мелдешти бир темпте башташты.



«Ии, иштер кандай, төрт буттуу дос?» – деп кыйкырды чоң маймыл Гун. Бирок Тото анын кыйкырганына көңүл бурган жок. Ал суусап, араң кетип бараткан, ошентсе да, ташты чымыркана сүйрөй берди.



Баобабдын түбүндө чөөлөр Слинки менен Мбизи отурган. Мбизи Слинкиге: «Карасаң, бакта маймылдар отурат. Ошолор бизге жардам берет», – деп шыбырады.



Күн төбөдөн куйкалай тийип турат. Антилопанын ийини ооруп чыкты. Тото кургаган эриндерин жаланды. Гун менен Лун бир дарактан экинчисине чуркап, кыйкырып, абага банандарды ыргытып жатышты.



Тотонун оозуна банандардын сергиткен, жагымдуу даамы келе түштү. Аңгыча бир банан анын жанына түштү. Тимеле бутунун эле түбүндө. Тото бананды алмакчы болуп, капталга обдулду.



Таш аны көздөй ооду. «Абайла! – деп кыйкырып жиберди Дик-Дик. – Карачы эми, изибиз ийри болуп калды...» Аңгыча дагы бир банан бир аз нарыраак түштү. Тото эми ошону көздөй чуркады.



Анан ал мойнундагы илмекти чыгарып жиберип, эки колуна эки бананды бек кармаган бойдон жунглинин ичине чуркап кирип кетти. Көңүлү чөккөн Дик-Дик кумга отуруп, таштан кандай бороз тартылганын көрүш үчүн, артты карады.



Тото банандарды көздөй чуркаганга чейин бороз түз келиптир. Андан кийин ийри-буйру. Слинки каардуу күлүп: «Оңой эле жеңип койдук!



Маймылдарга банандар жөнүндө айтарыбыз менен эле баары бүттү», – деди. «Фару менен Бухуну жеңүү андан да оңой болгон, – деди чөө, – ал жолу биз эч нерсе кылган эмеспиз».



Анан ал: «Биз бир да жупка акырына чейин барууга мүмкүнчүлүк бербейбиз!» – дегенде, үнү адаттагыдан да каардуу чыкты. Ал ошол маалда мойнуна илмек жипти салып жаткан жираф Твиганы карады.



Твиганын жанында турган дагы бир жираф да ошентти. Чөө Твиганын мындай дегенин укту: «Эмесе, биз даярбыз. Биз жолду билебиз. Экөөбүз бипбирдейбиз. Ой жүгүртүүбүз да окшош.




Көз караштарыбыз да окшош. Буттарыбыз да бир багытта басат». Бир гана айырмачылыгы экинчи жирафтын бою бир аз кичирээк болчу.



Жирафтар стартка чыгышты. Экөө тең алдыдагы даракты карап турушту. Ысык кумду кечип, алдыга жөнөштү, ийиндери да бирдей кыймылдайт.



Жетиш керек болгон чекке жетишкенде, булардын артында узун, түз бороз калды. Буху башын жай гана ийкеп: «Силер тапшырманы жакшы аткардыңар. Азаматсыңар!» – деди.



«Ооба, – деп кыйкырды чөө, буттарыңар узун, ичке болгонуна карабай...» – «Ооба, – деди Буху, – мен бир чөөнү ошол ичке бут тепкенде, алыс учуп барып түшкөнүн көргөм...»




Гиппопотам Буху пилге бурулуп: «Нембо, сен бул мелдеш тууралуу кандай ойдосуң?» – деп сурады.

Дауди бир азга унчукпай туруп, анан минтип сурады:

– Бухуга силер эмне деп жооп берет элеңер?

– Акыркы жуптар бири-бирине тең жуптар экен, экөөнүн оюу да бир, – деп жооп берди Мгого.

– Туура айтасың, – деп башын ийкеди Дауди. – Библияда биз ишенбегендерге үйлөнбөшүбүз, турмушка чыкпашыбыз керектиги жазылган. Ал тургай, буга тыюу салынган. – Дауди бир азга унчукпай туруп, анан минтип кошумчалады: – Айлананы карагылачы, Кудайдын бул буйругун бузган жубайлардын жашоосунда кандай гана кыйынчылыктар болуп жатканын көрүп жатасыңар.



**Пайдалуу кеңеш**

Эсиңде болсун: Кудай сага жакшылык каалайт.

*Сүрөтүн тарткан – Юлия ПРАВДОХИНА*




Кана, тапчы!

# Аятты оку!

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | И | Ш | С | Е | Б | Е | М | Е |
| Н | Е | Н | Е | Е | . | И | Б | К | Н |
| Б | Е | Н | Г | Н | А | А | И | Д | Е |
| И | М | Д | Е | Б | Л | Д | И | Л | Н |
| Р | Р | Е | А | К | Ы | Г | А | Ы | М |
| Г | К | К | О | Ш | У | Л | Б | Й | Д |
| Е | У | Р | У | Т | Н | А | З | Н | А |
| Ж | А | Т | М | О | Ю | М | К | А | Й |
| Т | К | Ы | Д | З | Ы | С | А | Д | Ж |
| Ы | Н | О | Р | Т | О | С | У | Н | А |
| ? | Р | А | Б | К | Ы | Л | Ы | П | Л |



# Ыйсанын сөздөрү





Пасах майрамынын алдында Ыйса шакирттерине насаат айтып жатып бир сөздөрдү айткан, аларды биз да билишибиз керек. Сүйлөмдүн аякы жагын тап.



Эгерде силер Менин айткан сөздөрүмдү аткарсаңар,

__ __ __ __ __ __ __ __ __ __ __ __ __ __ __ __ __.



# МЕНИН ДОСУМ




*Сүрөтүн тарткан – Ирина ПОМЕРАНЦЕВА*



## Билесиңби?

Жылдын ысык мезгилинде эвкалипт дарагынын боорундагы температура абанын температурасынан дайыма бир нече градуска төмөн болорун билесиңби? Ошондуктан коалалар дарактын ылдый жагына, бооруна жармашып жатып алып, аптаптан коргонушат.








# БИБЛИЯДАГЫ ЫСЫМДАР


**Кроссвордду чечмелесең, Сулайман падышанын экинчи атын биле аласың.**

*Туурасынан:*

1. Зебедейдин уулу, элчи Жакандын бир тууганы (Мт.4:21).
2. Жакыптын Рахел төрөп берген кичүү уулу (Башт.35:16-18).
3. Шымон Петирдин бир тууганы (Мт.4:18).
4. Илияс пайгамбардан кийин анын орун басары болгон пайгамбар (1 Пад. 19:16).
5. Пабылды Асияга чейин узатып баргандардын арасындагы тесалоникалык эки адамдын бири (Элч.иш.20:4).
6. Он эки элчинин бири (Мт.10:3).
7. Жойаттын уулу (2 Шем. 8:18).




# ЧАЙНВОРД




1. Жакып менен Леянын тун уулу (Башт.29:32).
2. Ыйсага түн ичинде келип маектешкен адам (Жкн. 3:1-2).
3. Энохтун урпагы, Лемектин атасы (Башт. 4:18).
4. Лукония дубанындагы шаар (Элч.иш. 14:6)
5. Нухтун кемеси токтогон тоо (Башт.8:4)
6. Он эки элчинин бири (Мт. 10:3)
7. Аюбдун досу (Аюб 2:11).
8. Марктын энеси Мариямдын үйүндөгү кызматчы кыз (Элч.иш.12:13).
9. Жаңы Келишимде кездешкен шаар (Элч.иш.11:19).

*Сүрөтүн тарткан – Алина МИНАЕВА*

# КҮЧТҮҮ

*Насыйкат ЖУМАКАДЫРОВА*



Лира башка мектепке окуй баштаганда алтынчы класстагы бардык балдар-кыздар ага чоочун болуп, ал алардан бир аз коркчу. Эмне үчүн? Лиранын бою кичинекей, бети сепкил кыз эле, ал тургай, мектепке да жылуу топу кийип барчу, себеби кулагы көп ооручу. Биринчи танаписте аны балдар-кыздар тегеректеп алып, мурда кайда окуганын, канча жашта экенин, кайда жашаарын сурап киришти, бирок бат эле кызыгуусу тарап, таркап кетишти.

Күндөр өтө берди, Лира болсо жалгыз жүрдү. Бир партада жалгыз отурган ал танаписте да кайсы бир бурчта, классташтарына астейдил байкоо жүргүзүп тура берчү. Ага эч ким көңүл бурбагандай туюлчу. Класста балдарга караганда кыздар көбүрөөк эле. Баары бири-бирин фамилиясынан атап, же таарына тургандай, кандайдыр бир жаман сөз менен чакырышчу. Модалуу кийинген, бир нече сулуу кыз да бар эле, ошол кыздар менен мамиле түзүү, достошуу эркек балдар арасында сыймыктуу деп эсептелчү. Экиэкиден достошуп, эч кимге билгизбей, акырын жүргөндөр да бар эле. Начар окуп, мушташып, ар кимге жаман ат койгон тентек балдар да бар. Эң жакшы деген баага окуган, өз ара дос болуп, башкаларга кыйынсына караган бир нече кыз да бар экен. Самат уулу Максат деген дагы бир эң мыкты окуган бала бар экен, аны Макс деп коюшат экен.

Ошол Макс Лирага башка бардык эркек балдардан башкача сезилди. Аны Кудайга ишенет деп айтышты. Лира ар бир адам жан дүйнөсүндө Кудайга ишенет да деп ойлоп, бирок Макстын башкаларга такыр окшобогонун байкады. Жалгыз гана ошол Максат бардык балдар менен кыздарды атынан атап чакырчу. Татаал теңдемелер менен эсептерди классташтарына дайыма жан дили менен, түшүнүктүү кылып түшүндүрүп берчү. Аны баары жакшы көрүп, сыйлап турушчу, ошентсе да ал мактанып кетчү эмес, тескерисинче, мугалимдер мактаса, уялгансып да кетчү. Андан сырткары, ал бир же эки окуучу менен эле эмес, көп балдар менен дос болчу.

Бир жолу физика сабагынан текшерүү иш жазаарда Макс балдардын ортосунда туруп, кайсы бир параграфты түшүндүрүп жаткан. Лира аны суктана карап, мугалимден да жакшы түшүндүрөт экен деп ойлоп турду. Аңгыча Даня (Осмонов Данияр) деген бир тентек:

– Эй, карап койгула, тиги Топу биздин Максты жалдырап карап калганын, тимеле оозу ачылып карайт го! Сүйүп калган окшойт, биздин ыйык баланы! – деп кыйкырып сала бербеспи!

Баары бурулуп, Лираны шылдыңдай карап калышты. Ал болсо капыстан пайда болгон жымжырттыкты буза Макстын жанына келди да, мындай деди:

– Максат, мен сени менен бир партага отурсам болобу?

Буга кантип батынганына өзү да таң калды. Жымжырттык ого бетер боло түшкөнү байкалат. Макс кызарып кетти, атүгүл, көздөрүнө жаш айланып кеткендей болду.

– Албетте, Лира, отурсаң болот, – деди ал үнү калтырай.

Даня атча кишенеп жиберди, бирок ага эч ким көңүл бурган да жок. Ыңгайсыздана түшкөнүн жеңип, Макс кайрадан физика жөнүндө сүйлөй баштады.

Ошондон тарта Лира Максат менен бир партага отуруп калды. Экөө сабактан тараганда чогуу кетип жүрүштү, ошондой эле Жыйындагы чогулуштар менен машайакчылык ийримге да чогуу бара башташты. Бул убакыт аралыгында экөө абдан дос болуп калышты.

Жаз келип, күн бир топ жылуу болуп калган. Лирага жылаңбаш жүрүүгө уруксат беришкен. Көрсө, анын

бир аз тармалы бар, коюу, укмуштуудай сонун чачы бар экен. Май айынын жылуу желаргысы аны чачынан жагымдуу сылап жатты. Мына ошондо Даня мындай деди:

– Макс, мен сени тиги Топу менен аны аяганыңдан эле дос болуп жүрөт го деп ойлочумун, көрсө, ал сулуу кыз турбайбы!

– Ал аябай жакшы да кыз! – деди Максат уялыңкы.

– Сен башкалардай эмессиң. Акылдуусуң, боорукерсиң, сени баары жакшы көрүшөт, билгизбегениң менен сен күчтүүсүң … – деди Лира.

– Мен өзүмдөн өзүм андай болуп калган жокмун. Кудай мага жардам берип жатат, болбосо, чындыгында мен сенден алда канча алсызмын. Сен бардык балдардын көзүнчө менин жаныма басып келгенге батындың, мен болсо сени менен мурдатан эле дос болгум келсе да, анте албай, коркуп жүрчүмүн.

– Мен болсо кечээ жетинчи класстагы Уланды көмөлөтө чаптым! Ал менден бир жаш улуу, анан эки эсе оор, а мен болсо алда-канча шамдагаймын! – деп мактана баштады Даня, бирок, мукактанып, бир азга термелип туруп, капысынан: – Лирага бергендей, мага да Библия бере аласыңбы? – деп сурап жиберди.

– Бүгүн Лира экөөбүз машайакчылык ийримдеги сабакка барабыз. Биз менен бар, ошол жактан сага Библия сөзсүз табылат, – деп сунуш кылды Максат.

Ошондон тарта Осмонов Данияр да Лиранын досу болуп калды. Ал тамырлары чыккан муштумдары менен мактанып, күлкүнү келтирип, өзүн бир баатыр көрсөткүсү келе берчү. Бирок ал өзү да, Максат да, Лира да анын күчү муштумунда эмес экенин билишчү. Ооба, башка балдар деле муну байкашса керек.

*Сүрөтүн тарткан – Елена МИХАЙЛОВА-РОДИНА*



**Билесиңби?**
Койоттор менен американык кашкулактар көп учурда ийиндерде жашаган жаныбарларга, мисалы, тыйын чычкандар менен талаа иттерине бирге аңчылык кылышарын билесиңби? Кашкулак жаныбардын ийинин каза баштаганда, койот качып чыккан олжону кармап калыш үчүн, күтүп турат. Же тескерисинче, ачык талаада койоттон качып бара жаткан жандык жашынганы кайсы бир ийинге кирип барса, анда жашынып жаткан кашкулакка жем болот.









**Билесиңби?**
Каландар, же деңиз кемчеттери, уктаарда эки-экиден «кол кармашып» алышат. Суунун күчтүү агымынан улам бири-бирин жоготуп албоо үчүн ошентишет өңдөнөт.




# БАШ КАТЫРМА

**Сызыктарды ээрчип жүрүп отуруп сөз курасаң, акылман Сулаймандын эмне жөнүндө айтканын билесиң.**


# АКЫЛМАН СӨЗДӨР

**Байыркы грек тарыхчысы Фукидид достук жөнүндө эмне дегенин оку.**




Окуп, эстеп кал!

1914–1994

# Рэйчел Сэйнт

**_XX кылымдагы эң белгилүү Библия котормочуларынын бири_**





Түштүк Американын түндүк-батышында, экватордун дал өзүндө, аталышы да экваторду билдирген Эквадор деген өлкө орун алган. Бул мамлекеттин салыштырмалуу чакан территориясында деңиз жээктери да, тоолор да, аралдар да, чытырман токойлор да бар. Тээ байыркы мезгилдерден бери Эквадордо индей уруулары жашап келишкен, алардын атына кээде тил да келбейт: кара, киту, тумбе, каньярлар, ваорандар жана башкалар. Биздин аңгемебиз ваоран же аукалар жөнүндө болот.

Аука уруусу көптөгөн кылымдар бою бүтүндөй дүйнөдөн бөлүнүп жашап келишет, заманбап цивилизация бул тропикалык токойлордун бул жашоочуларынын арасына таптакыр кире алган жок. Бул уруу өздөрүнүн аймагына келген чоочундардан дайыма чочулап, ал тургай, андайларга кастык менен мамиле кылышат. Атүгүл, азыркы учурда да токойдун киши өтө алгыс жерлеринде эч ким менен аралашпай, өздөрүнчө жашаган үй-бүлөлөр бар.

Аука уруусундагы индейлер согушка абдан жакын: мергенчилик кылуу жана өз ара согушуу алардын негизги иши. Аларды бекеринен «баш кесер мергендер» деп аташпаса керек. Согушта ийгиликке жетүү жана мергенчиликтен олжолуу келүү алар үчүн эң башкысы. Ошондуктан уруунун шамандары дайыма жаныбарлардын жана өлгөн ата-бабаларынын рухтарына жалынып, аларга багыштап курмандык чалып турушат, ушинтсек алар бизге мээрим төгүп, колдойт деп ойлошот.

Жарым кылымдан ашуун убакыт мурда биринчи миссионерлер бул урууга Куткаруучу Ыйса Машайак жөнүндө айтып берүү үчүн жөнөшөт. Бул аракет трагедиялуу аяктаган – уруунун жоокерлери келгиндерди өлтүрүп салышкан. Ушундан кийин канкор индейлерге Жакшы Кабар айтканы барууга ким батынат?!

Бирок андай адамдар табылган! Алар: Элизабет Эллиот жана Рэйчел Сэйнт деген аялдар болгон. Биринчиси жесир аял, экинчиси – өлтүрүлгөн миссионерлер Жим Эллиот менен Нат Сэйнттин карындашы. Аларды ошол уруудан Дайюма деген аял коштоп жүргөн. Ал бир кезде өзүнүн уруусу менен коңшулаш уруунун ортосунда болгон согуштан качып чыккан аял эле. Индейлердин аларга тийбегени таң калыштуу, ошентип Элизабет, Рэйчел жана Дайюма индей кыштагынын четиндеги камыш кепеге жайгашышат.

Алар үчүн жашоо, тиричилик абдан оор болгон, анткени цивилизациялуу жашоонун эч кандай ыңгайлуулуктары ал жерде жок эле. Ал эле эмес, ысык климат, коркунучтуу курт-кумурскалар менен жырткыч жаныбарлар ого бетер түйшүк жаратkан. Бирок алар көңүлүн чөгөрүп отура берген эмес: Теңир аука уруусундагы адамдарды сүйөрүн билген алар Анын каалоосун аткарууга, бул адамдарга Жакшы Кабарды жеткирүүгө даяр болушкан. Анын үстүнө Рэйчел бул кызматка көптөн бери даярданып жүргөн.



Нат Сэйнт аука уруусундагы индейлердин жанында. 1956-жылдагы документалдык фильмден алынган кадр.

Миссионердик кызмат аны бала чагынан кызыктыра турган. Дал ушул Рэйчелдин таасири менен агасы Нат да миссионер болгон. Рэйчел өзү Оклахомадагы (АКШ) университетте лингвист адистиги боюнча окуп, бүтүргөн, андан соң перуан индейлеринин арасында кызмат кылган. Эми болсо Теңир аны аукаларга барууга чакырган эле.

Баарынан кыйыны уруунун тилин үйрөнүү болгон. Бул жагынан Дайюма чоң жардам берген, анткени ал англис тилин да, аука тилин да билчү. Рэйчел ар бир бош мүнөтүн Дайюма менен окууга арнаган: сөздүк түзүп, үндөрдү туура чыгарууну үйрөнгөн. Анын жан дили менен жардам берген жардамчысына индейлердин тигил же бул сөзүн түшүндүрүү үчүн сөз запасы жетишсиз болгон. Ошондо накта театралдаштырылган көрсөтүү башталчу. Дайюма бир турул жапайы жырткычтай ырылдап, бир турул кичинекей баладай ыйлап, бирде жыландай сойлоп, бирде бутурмада жашынып турган мергенчидей уурданып басчу. Рэйчел болсо байыркы тилди мүмкүн болушунча так түшүнүү үчүн, байкоо жүргүзүп, сурап, жакшылап үйрөнө турган.



Рэйчел Сэйнт менен Дайюма

Котормочунун иши татагма, майда иш, ал чыдамкайлыкты, аракетти жана тактыкты талап кылат. Кээде бир сүйлөмдү которуу үчүн Рэйчелдин бир нече күнү кетчү. Бардык кыйынчылыктар менен курчап турган кооптуу жагдайларга карабастан, Рэйчел Сэйнт Теңирден акылмандык, колдоо сурап, ишин уланта берген.


Ошентип аука уруусундагы индейлер Кудай Сөзүнө өз тилинде ээ болуп, Жакшы Кабардын жарыгы канкор бутпарастарга жеткен. Рэйчел кылган иштин маанилүүлүгүн жеткире баалоо кыйынга турат – бул дүйнөдө Ыйса Машайак аркылуу куткарыларыбыз жөнүндөгү кабарды башка адамдарга айтуудан өткөн маанилүү нерсе барбы?!

Азыркы учурда Курарай дарыясынын боюнда беш миссионер өлтүрүлгөн жерде аука уруусундагы индейлердин сыйынуу үйү турат. Уруунун мүчөлөрү – машайакчы-индейлер – ошол жерде чогулуп, насаат айтып, ырдап, сыйынышат. Ошондой эле өздөрүнө Ыйык Жазууну алып келген адамдарды эскеришет.

*Нагима ОРОЗБЕКОВА*



*Сүрөтүн тарткан – Виктор БАРЫБА*




*Петер МАРТИН*

***2 Падышалар китеби, 24-25-бөлүмдөр; Даниел пайгамбардын китеби, 1-3-бөлүмдөр (Маш.төр.чей.604-537-жылдар)***

# Бабыл кулчулугу

Ашурлуктар Жүйүт жерин каратып ала албай коюшкан, жүз жылдан ашуун убакыт бою падышачылык көз карандысыз бойдон калып келген. Андан соң бабылдыктар ашурлуктарды жеңип, ошондой эле Жүйүт жерин басып алып, аны өз империясына кошуп алышкан. Жүйүт жеринин жашоочуларынын көбү Бабылга көчүрүлүп, ал жакта сүргүндө жашашкан. Бабылдыктар аларды жүйүттөр дешчү.



Сүрөтүн тарткан – Петер КЕНТ

Кургатылган курмалар даамдуу ширииндиктер болуп эсептелген. Курма жеп жаткан баланы тап.




Жүйүттөр өздөрүнүн салттарын сактап калууга аракет кылышкан. Алар дарыя боюндагы талдардын түбүнө сыйынганы чогулушчу. Кайыктагы жүйүттөрдү тап.



Чогулган элдин арасындагы чөнтөкчү ууруну көрүп жатасыңбы?



Күндүз Бабылда өтө ысык болгон. 11 кол чатырды тап.



Бул сүрөттү Иштар дарбазасынын бетинен тап.



Мардук бабылдыктардын жасалма кудайы болгон. Анын айкелин тап.



Жүрүштөр учурунда колдонулган 3 башка музыкалык аспапты тап.



Согуштук жүрүштөрдөн бабылдыктар көп сандаган кулдар менен кайтып келишчү. Карападагы гүлдөрдү сугарып жатышкан үч кулду тап.




Бабыл кудайына табынгандан баш тартып жаткан үч жүйүттү тап.



Атты тап.



Ит менен турган сакчыларды тап.



Бабылдыктардын бутканасындагы тепкичтүү зиккурат-мунарасы Мардук кудайына арналган. Аны көрүп жатасыңбы?



Бабылдын асма бактары абдан даңазаланчу. Бортунда бак өскөн кайыкты тап.



Тегерек кайыктардагы төрт баланы тап. Алар балык кармап жатышат.



Бай жана таасирлүү адамдар арстандарга мергенчилик кылышкан. Торго түшкөн арстанды көрүп жатасыңбы?




Бардык окуяларды чопо тактага жазып жаткан катчыны тап.



Бабыл дарыянын боюнда орун алган. Кытан деп аталган канаттууну тап.



Абдан бай адамдардын гана пилдери болгон. Эки пилди тап.



Жүрүштү кайтарып бара жаткан төрт аткычты тап.



# ВИТАМИНДЕР КЕНЧИ

– Дүйнөнүн кайсы жеринде дарбыз көп өсөт? – деп сурады Керим досу Бакыттан дүкөндөн дарбыз сатып алып, чыгып бара жатышканда.


– Так билбейм, бирок бир жолу ошол жөнүндө окугам. Түркияда беле, же Кытайда беле... – деди Бакыт.

– Таптың десем болот. Дарбыз өстүрүү боюнча рекордсмен болуп Кытай эсептелет. Бир жыл ичинде кытайлар өздөрүнүн жакынкы конкуренттери түрктөрдөн 16 эсе көп дарбыз экспорттошот. Ал эми япондор дарбыздарды квадрат, тагыраагы, куб формасында өстүрүүгө жетишишти. Мындай дарбыздар транспортко жүктөөдө жана сактоодо алда-канча аз орун ээлейт. Атам ошондой дарбыздарды өз көзү менен көрүптүр, ал кечээ Япониядан келди. Ал дарбыздар оригиналдуу көрүнгөндүктөн, ал жакта андай дарбыздарды витриналарды жана интерьерлерди кооздоо үчүн колдонушат экен. Чынында куб формасындагы дарбыздар кадимки дарбыздардан бир топ кымбат – элүү доллардан үч жүз долларга чейин болот экен, бирок аны сатып алгандар алда-канча көп болот экен дейт атам.

– Менимче, дарбыз даамдуу болсо эле болду да, анын формасы андай деле маанилүү эмес го, бирок бул кызыктуу экен, – деди Бакыт. – Куб формасындагы дарбыз столдон тоголонбойт! Ошондой эле дарбыздын ширелүү кызыл этин адамдар эле эмес, кээ бир жаныбарлар да сүйүп жешет.

– Ооба, Кудай баарын укмуштуудай акылмандык менен жаратып койгон. Анткени адамдарга эле эмес жаныбарларга да витаминдер менен микроэлементтер керек эмеспи. Дарбыз болсо 95 % суудан турганына карабастан, витаминдердин кенчи болуп саналат.

*Сүрөтүн тарткан – ШАКИРТ*



Кадимки дарбыз – ашкабак сымалдар түркүмүндөгү, чарбак өсүмдүктөрүнө кирген бир жылдык чөп өсүмдүгү. Жемиши шар формасында, сүйрү же цилиндр формасында болот. Жемишинин салмагы төрт килограммдан он беш килограммга чейин жетет.

# ДАРБЫЗ



Дарбыздын 1200дөн ашуун сорту бар, алар дүйнөнүн 96 өлкөсүндө өстүрүшөт. Алар, негизинен, климаты жылуу өлкөлөр. Дарбыз сергитүүчү, суусунду кандыруучу жемиш катары чийки түрүндө желет. Бирок андан көптөгөн даамдуу татымдарды: шорподон баштап, салаттарга чейин, ал тургай, десерттерди да жасаса болот.

## Дарбыздын тарыхынан

Дарбыздын мекени – Түштүк Африкадагы Калахари чөлү. Ал жерде көлөмү кичинекей (теннистин тобундай), салмагы 200 граммга жакын жапайы дарбыздар азыр да өсөт. Мисирдеги күмбөздөрдөн дарбыздын сүрөттөрү менен уруктары табылган. Бул Байыркы Мисирде дарбыз 4000 жылдан ашуун убакыт мурда эле өстүрүлгөнүнүн күбөсү (дарбыздарды фараондордун күмбөздөрүнө тиги дүйнөдө алар бул таттуу жемиштен жеп турсун деген ишенимде салып коюшчу). Кийин дарбыз Персияда (Иранда), Аравияда, Индияда жана Азиянын климаты ысык башка өлкөлөрүндө да өстүрүлө баштаган. Европага дарбыз Айкаш жыгач жүрүштөрү (Крестик жүрүштөр) доорунда (700–900 жыл мурда) келген. Азыркы Орусиянын аймагына дарбызды XIII–XIV кылымдарда татарлар алып келген. Жаңы дүйнөгө дарбыз деңиз саякатчылары аркылуу жеткен.

**Дарбыздан түркүн фигуралар менен гүлдөрдү кесип жасашат. Искусствонун бул түрү биздин заманын башында Кытайда пайда болгон. 1932-жылга чейин карвинг (англис тилинен которгондо “кесүү”) королдорго байланышкан шаан-шөкөттөрдү кооздоодо гана колдонулган. Азыркы учурда жашылча-жемиштерди дүйнөнүн ар кайсы өлкөлөрүндө көркөмдөп кесишет. Мындай кооздуктарды көбүнчө мейманканалардан көрүүгө болот.**



### *Кызыктуу фактылар*

**Вьетнамда Жаңы жылды («Тет») майрамдоо учурунда дасторконго дарбыз коюшат. Дарбыздын уруктарын закуска катары колдонушат.**

**Дарбыздын жанчылып майдаланган уруктарынан нан бышырышат.**



**Дүйнөгө атагы чыккан, салмагы 122 кг болгон дарбыз 2005-жылы АКШда өстүрүлгөн.**

**Гигант-дарбыздардан сырткары, узундугу 3-4 см. гана болгон карлик-дарбыздар да болот. Аларды Түштүк Америкада өстүрүшөт. Анын даамы бадыраңдыкына окшош келип, кымбат ресторандарда салаттарды, шербеттерди даярдоодо, же закуска катары колдонулат.**









# МЕН КИММИН?

Юлия АБДУВАХИДОВА

Мүмкүн, сен мага көңүл бурбагандардын катарына кирерсиң. Сыртыман караганда мен териси нымдуу, муздак, тостойгон көзүм дароо көзгө урунган, түрүм анча жагымдуу эмес жандыкмын. Бирок мага байкоо жүргүзүп көрсөң, кийген кийимимдин өтө чеберчилик менен жасалганы, кыймыл-аракетимдин өтө келишимдүүлүгү жагынан, атүгүл, ханышаларды да алдыма чыгарбасымды көрөсүң. Тээ байыртан эле мени купуя сулуулуктун символу деп эсептешкени бекеринен эмес! Демек, урматтуу окурман, мен сени өзүм менен жакындан таанышып, көп түрдүү жаныбарлар дүйнөсү үчүн Жаратуучуга дагы бир жолу ыраазычылык айтууга чакырам.

Мени көргүң келсе, алыс барыштын деле кереги жок. Биз бүтүндөй жер шарына тарагандбыз. Биз көлмөлөрдө же саздарда эле эмес, чөлдөрдө да, токойлордо да, дарактарда да жашайбыз. Бирок бизге жакын жерде чакан көлмө болгону жакшы. Ал терибиз кургап, өлүп калбашыбыз үчүн керек. Дегинкиси, сууда жүргөндө биз терибиз аркылуу сууну эле эмес, абаны да жутабыз.

Эгер тостойгон томпок көздөрүмдү жакшылап карасаң, сен ого бетер таң калмаксың. Көздөрүм бир эле учурда алдыны, жан-жагымды жана өйдө жакты көрүп турат! Көздөрүмдү эч качан узак убакытка жумбайм, атүгүл, уктап жатканда да. Ишениш кыйын, бирок айрымдарыбызга көздөрүбүз тамакты жутуу... үчүн да керек. Көздү ирмегенде көздүн чарасы баш сөөктөгү тешик аркылуу ылдый түшөт, ошондо оoздун өйдө жагында төмпөкчө пайда болот. Ошол төмпөкчө тамакты ныгырат да, далы жагыбызда орун алган кекиртекти көздөй түртөт. Кудай бизди укмуштуудай, таң каларлык кылып жаратыптырбы?!

Биз чымындар жана башка майда курт-кумурскалар менен тамактанабыз, аларды эки ача болгон узун, жабышкак тилибиз менен кармайбыз. Тынч абалда турганда тилибиз оозубуздун ичинде түрүлгөн абалда турат. Тилибиз жаактарыбызга бекитилген, ал эми керектүү учурда биз тилибизди укмуштуудай тездик менен сунуп, карай ошондой эле тездик менен тартып алабыз.

Жаратылышта биздин душмандарыбыз көп, ошондуктан биздин арабыздан узак жашагандар аз, бирок кээ бир түрлөрүбүз 36 жылга чейин жашашат. Көбөйүү үчүн биз сууга икраларыбызды таштайбыз. Бир нече убакыттан кийин алар көнөк баштарга айланат да, чоңойгуча 30дан ашык түргө өзгөрүлүшөт.


Биздин эң чоң өкүлүбүздү голиаф деп аташат. Анын узундугун буту-колдору сунулган абалда ченесе, 90 сантиметрге жакын, салмагы 3 килограммдан ашат. Буттары күчтүү болгондуктан, ал үч метрдей узундукка секире алат. Биздин эч кичинекейлеребиздин узундугу 8 мм ден 12 мм ге чейин болот. Мындай түрлөрүбүз Кубада жашашат.

Биз, ***бакалар***, мына ушундайбыз. Эми сен мени жаратылыштан көрүп калсаң, башкача мамиле кылат болушуң керек деп үмүттөнөм. Эмесе, планетанын ар кай жеринен кездешкенче, досум!

*Сүрөтүн тарткан – Наталия ЖУРАКОВСКАЯ*





# ВЕРТОЛЁТ

Менде мындай суроо бар да:
Вертолёттун мурду кайда?
Көзү, анан буттарычы?
Кантип басат, эгер басса?

Курсагы ачса, ал эмне жейт?
Ким менен дос? Кайда уктайт?
Аарыга окшоп, ызылдайт да,
Бир ордунда неге турбайт?

Атам азга ойлуу туруп,
Мындай жооп берди мага:
«Ал анткени вертолёт
Уч деп жатат сени да.

Анын досу учкуч болот,
Керосин жейт карды ачса,
Анан дагы ылдам учат,
Анткени ал күчтүү да.

Пропеллери тегеренип,
Дөңгөлөгү дагы бар.
Сен жакшылап карап көрсөң,
Ийнеликке окшош ал».

*Сүрөтүн тарткан –
Ирина КОНСТАНТИНОВА*

# САЯКАТЧЫ ҮЛҮЛДӨР

Эки үлүл чечкен экен
Жүрүшкө чыгып келүүнү,
Жеткичекти ак кайыңга
Кетет окшойт далай күн.

Карагайга жеткичекти –
Өтөт окшойт эки жыл.
Оңой болбойт бул жүрүш деп,
Даярданды эки үлүл.

Кокус жамгыр жааса кантмек?
Күн күркүрөп ийсечи?
Андан коркпойт үлүл-кыздар
Мунун да бар себеби.

Кокус жаан жаап ийсе,
Күркүрөсө күн дагы
Үстүндөгү үйлөрүнө
Кирип кетсе, жыргады!


















# Эң мыкты Дос

Айтсаң досуң ким экенин,
Айтам өзүң ким экениң.
Айланаңды карагын да,
Көрсөт досуң ким экенин.

Досум, курбум абдан көп
деп
Айтарсың сен а балким...
Эң мыкты Дос болуш керек
Эң башында тизмеңдин.

Жүрөгүңдү эгер Ыйса
Тазалса күнөөдөн.
Кудай Өзү тандап алган
Баласысың Анын Сен.

Осуятын сактап, эгер,
Аны сүйүп жашасаң –
Ыйса сенин Досуң болот
Колдой турган ар качан.

Алсыздарга жөлөк болуп,
Каршы турсаң күнөөгө
Сенин Досуң Ыйса болот,
Коргоп жүргөн күнүгө.


Кимдин досу Ыйса болсо,
Башкаларды ал сүйөт.
Досторуна жардам берип,
Ыйыктыкка ал үндөйт.







**24-25-беттин жооптору:**
9. Бабыл кулчулугу



Иштар дарбазасындагы сүрөт 1
Мардуктун айкели 2
Музыкалык аспаптар 3, 4, 5
Кулдар карапалардагы гүлдөрдү сугарып жатышат 6, 7, 8
Бортунда бак өскөн кайык 9
Кайыктагы балдар 10, 11, 12, 13
Торго түшкөн арстан 14
Катчы 15
Кытан 16
Пилдер 17, 18
Жүрүштү коргоп турган аткычтар 19, 20, 21, 22
Тепкичтүү зиккурат-мунара 23
Кайыктагы жүйүттөр 24
Бабылдыктардын кудайына табынуудан баш тарткан жүйүттөр 25, 26, 27
Чатырчалар 28, 29, 30, 31, 32, 33, 34, 35, 36, 37, 38
Ит менен турган сакчылар 39
Элдин арасында жүргөн чөнтөкчү ууру 40
Ат 41
Курма жеп жаткан бала 42

# Жооптор

**2-бет:** Өзү жакшы дос боло алган адамдын достору да жакшы болот.

Адамдын эрки – Мажбурлоо.

**15-бет:** АЯТТЫ ОКУ: «Ишенбегендер менен бирге жат моюнтурукка кошулбагыла. Себеби адилдик менен мыйзамсыздыктын ортосунда кандай жалпылык бар?» (2 Кор. 6:14).

ЫЙСАНЫН СӨЗДӨРҮ: «Эгерде силер Менин айткан сөздөрдүмдү аткарсаңар, Менин досторумсуңар» (Жкн. 15:14).

**17-бет:** КРОССВОРД. Туурасынан: 1. Жакып. 2. Бенжемин. 3. Андрей. 4. Элиша. 5. Секундос. 6. Филип. 7. Беная. Тигинен: Жедидия.

ЧАЙНВОРД: 1. Рубейин. 2. Никедим. 3. Матушал. 4. Листра. 5. Арарат. 6. Томас. 7. Сопар. 8. Рода. 9. Антийохея.

**21-бет:** БАШ КАТЫРМА: «Адамга досунун чын жүрөктөн берген кеңеши жагымдуу» (Накыл 27:9).

АКЫЛМАН СӨЗДӨР: Достордун жардамынан пайдаланганда эмес, досторго жардам бере билгенде гана досубуз көп болот.

ЧЫГЫШ ЖАРЫГЫ
Наристе
3/2020
Машайакчылардын балдарга арналган журналы
2008-жылы чыгарыла баштады
Нускасы: 2 000 даана

Журналды басып чыгарууга чын көңүлдөн берилген акча каражаттары жумшалат

Редактор: Асел Кайыпова

Редакциянын дареги:

720000 Бишкек шаары, Башкы почтамт, а/к 2008к

© «ЧЫГЫШ ЖАРЫГЫ», 2019-ж.

720040, Бишкек шаары, Тыныстанов көчөсү, 199-46
«ST.art LTD» басмаканасы

Кенже жана тестиер курактагы балдар үчүн
Мукабанын биринчи бетиндеги сүрөттү ШАКИРТ тарткан.
Инжилчи Машайакчы Баптист Жыйындары Союзунун басылмасы

Бул эки сүрөт аябай окшош, бирок бип-бирдей эмес.

# ОКШОШ СҮРӨТТӨР

Экөөнөн 10 айырманы тап!





*Сүрөтүн тарткан – Елена МАМАЕВА*